КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫнын ИИМи
НАРЫН облустук ИИБгы
КОЧКОР РАЙОНДУК ИЧКИ
ИШТЕР БӨЛҮМҮ
722800. Кочкор айылы, С.Орозбаков көчөсү №156
Факс 03535 5-02-79

МВД КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УВД НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КОЧКОРСКОГО РАЙОНА
722800. село Кочкор, ул. .Орозбакова №156
Факс 03535 5-02-79

4/6186 "14" 11 2021 – жыл

_____ "___" __________ 2021 – жыл

Кочкор округунун шайлоо комиссиясынын
төрагасы ыкчам чара көрүү тобунун
жетекчиси **Т.Тилемишовго**

**02-024-2021-001369 сандуу МЭЖ боюнча маалымат**

12-ноябрь 2021-жылы БШКнын ыкчам чара көрүү тобунан 42 сандуу Кочкор РИИБне маалымат түшкөн, маалыматта "Жалпы иш" коомдук фондунун юристи К.Мамытовадан №32 Кочкор шайлоо округунан Жогорку Кенештин депутаттыгына талапкер Нурбек уулу Ормон 2021-жылдын сентябрь айында Кочкор районунун Кум-Дөбө айылындагы бала бакчанын ачылышында кайрымдуулук кылып 12·даана балдардын кроватын берген. Бала бакчанын директору бул ишти тастыктап берген деп жазган. Бул ишти териштирип мыйзамга ылайык иш жүргүзүүнү сурап Кочкор округунун шайлоо комиссиясынын төрагасы ыкчам чара көрүү тобунун жетекчиси Т.Тилемишов кайрылган.

2021 жылы 12 ноябрь күнү Кочкор РИИБне 02-024-2021-00001369 сандуу АМС МЭЖ катталган.

Териштирүү учурунда окуя боюнча суралган Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги караштуу Нарын обласынын Кочкор райондук Кум-Дөбө айылында жайгашкан билим берүү бөлүмү Бүбүкан апа бала бакчасынын башчысы Мамбеттоктоева К.М., төмөндөгүчө жооп берген, тактап айтканда айтылган бала бакча 2021 жылы август айынын башында жаңы салынып бирок ичинде жетиштүү эмерек жок болгондуктан 2021 жылы 15 август күнү ал өзүнүн жердеши Нурбек уулу Ормон атту жеке ишкерге дэмөөрчү болуп жардам сураганын билдирген, ал кайрылууда Нурбек уулу О., макул болуп 6 даана жаш балдар кроватын 2021 жылы 27 август күнү айтылган бала бакчанын ачылыш күнү алып келип берем деп сөз бергенин билдирген, бирок айтылган күнү алып келе албай 2021 жылы 10 сентябрь күнү жүк ташуучулар алып келгенин билдирген.

Окуя боюнча суралган Кум-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы Белеков А., төмөндөгүчө жооп берген, тактап айтканда, Нурбек уулу Ормон айтылган 6 даана жаш балдар кроваты боюнча маалыматы жок болгондугун көрсөткөн, андан тышкара айтылган бала бакчанын 2021 жылдын 27 август күнү ачылышына Нурбек уулу Н., келбегенин билдирген.

Окуя боюнча суралган эмерек уста Чолпонкулов М., төмөндөгүчө жооп берген тактап айтканда бол жолу менен 2015 жылдан баштап эмерек уста болуп Кум-Дөбө айылында иштеп келгенин билдирген жана бол жолу менен 2021 жылдын 15 август күнү Нурбек уулу Ормон келип 6 даана жаш балдар двух ярусный кроватын заказ берип ошол эле күнү 75 000 сом берип 2021 жылдын 26 август күнү айтылган эмеректерди Кум-Дөбө айылында жайгашкан бала бакчага жеткирип берүүнү өтүнгөнүн билдирген, бирок чек аралар жабык болгондуктан өз убакытында айтылган убакытта жазап бере албай калып өз күнүүсү үчүн кечиктирип жазап айтылган бала бакчага даярдап бергенин билдирген.

Текшерүү учурунда 2021 жылы 22 октябрь күнү 811 сандуу БШКнын чечими менен Нурбек уулу Ормон Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешине талапкер катары катталганы аныкталган.

2021 жылы 13 ноябрь күнү аталган факт боюнча топтолгон материалдардын негизинде кылмыштын же жоруктун белгилери жана кандайдыр бир бузулар аныкталбагандыктан номенклатурдук ишке 024-2021-000642 сандуу чыгышталган.

Начальник
милициянын подполковниги А.Абыкеев